***<u>Баткен облустук  статистика башкармалыгы</u>***

# *Баткен облусунун социалдык-экономикалык  абалы*

## *январь-ноябрь*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

**Баткен-2024**

## Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Ысмайылов С.М.

Мүчөлөрү: -Закиров Ж.Д.
-Салиева У.С.
-Сатыбалдиева Д.М.
-Абдиева Ш.К.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук статистика башкармалыгы.

**Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2024-жылдын январь-ноябрь айларындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 20 нуска.

Пайдалануучулар расмий статистиканын маалыматтарын жана тиешелүү метамаалыматтарды пайдаланууда алардын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү (“Расмий статистика жөнүндө” Мыйзамдын 30-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2024-жылдын 12-декабры.

**Шарттуу белгилер:**

- кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

## М А З М У Н У


**I Облустун социалдык -экономикалык абалы……………………………… 4**

**II Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр……………………. 5**

**III Сектордук обзор…………………………………………………….. 6**

**Реалдуу сектор………………………………………………………. 6**

Өнөр жайы………………………………………………………… 6

Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. 7

Капиталдык салым………………………………………………... 7

Чет өлкөлүк инвестициялардын келип түшүүсү............................ 8

Турак жай...................................................................................... 8

Транспорт жана байланыш……………………………………….. 8

Тейлөө рыногу…………………………………………………….. 8

Керектөө рыногу…………………………………………………... 8

Кызмат көрсөтүү........................................................................... 9

Эмгек рыногу жана эмгек акы……...……………………………… 10

Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… 11

Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. 11

**IV Мамлекеттик сектор….………………………………………………… 13**

Финансы……………………………………………………………. 13

Ишканалардын финансысы............................................................ 13

**V Социалдык сектор……………………………………………………….. 13**

Демографиялык жагдай.................................................................. 13

Калктын оорулары......................................................................... 14

Укук бузуулар.................................................................................. 14

**Тиркеме……………………………………………………………… 15**

# ОБЛУСТУН 2024-ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ-НОЯБРЬ АЙЛАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

Облусубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2024-жылдын январь-ноябрь айларында 7237202,8 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 115,4 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүн чыгарылышы 2024-жылдын январь-ноябрь айларында 26156,8 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 105,6 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү 2024-жылдын январь-ноябрь айларында 7081231,1 миң сомго барабар болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине карата 76,9 пайызга өскөн.

2024-жылдын январь-ноябрь айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 68635,0 чарчы метр болгон 503 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-сентябрь айларынын денгээлине салыштырмалуу 61,7 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 1035978,2 миң сомду түздү

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-ноябрь айларында 1180,0 миң тонна жүк ташылып, 2023-жылдын январь-ноябрь айларына салыштырмалуу 102,1 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 182973,7 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 112,1 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2024-жылдын январь-ноябрь айларында 28668745,7 миң сомду түзүп, 2023-жылдын январь-ноябрь айынын денгээлинен 4,7 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 2024-жылдын январь-ноябрь айларында 23250753,9 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2023-жылдын январь-ноябрь айларынын деңгээлинен 5,2 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-ноябрь айларында 5417991,8 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 10,0 пайызга өскөн.

Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын январь-ноябрь айларын 2023-жылдын январь-ноябрь айларына салыштырганда 103,0 пайызды, ал эми ушул жылдын ноябрь айын 2023-жылдын декабрь айына салыштырганда 103,6 пайызды түздү.

Облус боюнча 2024-жылдын октябрь айында бир айлык орточо эмгек акы 28345,1 сом өлчөмүндө калыптанып, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 9,3 пайызга өскөн. 2024-жылдын январь-октябрь айларында бир айлык орточо эмгек акы 27377,2 сом өлчөмүндө калыптанып, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 4,9 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2024-жылдын январь-ноябрь айларында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу бактериялуудизентерия, вирустуу гепатит А түрү, бруцеллез, эхинококкоз, гонорея, инфекциялык ВИЧ, өткүр респиративдүү ооруулардынын өскөндүгү байкалат. Ал эми бактериялуу минингит, эпидемиялык паротит, ичегинин өткүр инфекциясы, жаныбарлардын тиштеп алуусу, аскаридоз жана кургак учук ооруулардынын төмөндөшү менен мүнөздөлдү.

## II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР

| | 2024ж. январь-ноябрь айларында | 2024ж. ноябрь айы 2023ж. ноябрь айына карата пайыз менен | 2024-жылдын январь-ноябрь айлары 2023-жылдын январь-ноябрь айларына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| **Экономикалык индикаторлор** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 7237202,8 | 122,1 | 115,4 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүн чыгарылышы, млн. сом | 26156,8 | 118,5 | 105,6 |
| Негизги капиталга инвестициялар, миң сом | 7081231,1 | 76,9 | 176,9 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 63835,0 | 47,5 | 61,7 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 1180,0 | 101,3 | 102,1 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 182973,7 | 123,3 | 112,1 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү-бардыгы, миң сом | 28668745,7 | 114,9 | 104,7 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 23250753,9 | 109,1 | 105,2 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 5417991,8 | 149,1 | 110,0 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 27377,2[1)] | 109,3[2)] | 104,9[3)] |

[1)] 2024ж. январь-октябрь
[2)] 2024ж. октябрь
[3)] 2024ж. январь

## III. СЕКТОРДУК ОБЗОР

## РЕАЛДУУ СЕКТОР

**<u>Өнөр жайы.</u>** Облус боюнча 2024-жылдын январь-ноябрь айларында 7237202,8 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 115,4 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 3107889,8 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 42,9 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 2595534,6 миң сомду же 35,9 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 1385726,8 миң сомду же 19,4 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 148051,6 миң сомду же 2,0 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-ноябрь айларында 2595534,6 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 102,3 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-ноябрь айларында 903706,2 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 17603,5 тоннага көп көмүр өндүрүлгөн. Бирок аз өндүргөн район жана шаары да бар алар Лейлек району 12283,5 тоннага, Сүлүктү шаары 3748,4 тоннага аз өндүргөн.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 3107889,8 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 101,0 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 928417,1 миң сомду (көлөмдүн 29,9 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 123915,9 миң сомду (көлөмдүн 4,0 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 34012,9 миң сомду (көлөмдүн 1,1 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 1638162,3 миң сомду (көлөмдүн 52,7 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 86532,5 миң сомду (2,8 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 167624,9 миң сомду (5,4 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-ноябрь айында өткөн жылдын январь-ноябрь айларына салыштырмалуу физикалык көлөмдүн индекси 109,0 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 23,0 пайызга, жаны бышкан нан 2,3 пайызга, тазартылган күрүч 7,7 пайызга, кондитердик азыктар 13,8 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 4,5 пайызга, эт азыктары 10,1 пайызга көп өндүрүлгөн.

*2024-жылдын январь-ноябрь айларында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 123915,9 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь-ноябрь айындагы денгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 33,4 пайызды түздү.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-ноябрь айларында 86532,5 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь-ноябрь айларына салыштырганда физикалык көлөмдүн индекси 151,3 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-ноябрь* айларында 1385726,8 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 227,9 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 148051,6 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 116,0 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы

(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)



Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




**<u>Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы.</u>** 2024-жылдын январь-ноябрь айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 26156,8 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 105,6 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-ноябрь айларында 25974,5 тонна эт, 94070,8 тонна сүт, 22437,3 миң даана жумуртка, 604,0 тонна жүн өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу сүт өндүрүү 1,2 жумуртка өндүрүү 14,6, жүн өндүрүү 0,4 пайызга өскөн. Ал эми эт өндүрүү 0,2 пайызга төмөндөгөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүүдө Баткен районунда 1,3, Лейлек районунда 0,9, Кызыл-Кыя шаарында 0,1, Сүлүктү шаарында 0,2 пайызга жогорулаган. Ал эми Кадамжай району өткөн жылдын деңгээлинде калган, Баткен шаарында 20,0 пайызга азайган. Сүт өндүрүү Баткен районунда 0,6, Кадамжай районунда 2,0, Лейлек районунда 1,2, Кызыл-Кыя шаарында 0,2, Сүлүктү шаарында 1,5 пайызга жогорулаган. Ал эми Баткен шаарында 6,4 пайызга аз өндүрүлгөн. Жумуртка өндүрүүдө Баткен району 33,8, Кадамжай району 3,0, Лейлек району 2,0, Баткен шаары 144,7, Кызыл-Кыя 0,1, Сүлүктү шаары 0,2 пайызга көп өндүргөн. Жүн өндүрүү Кадамжай районунда 1,0, Лейлек районунда 2,2, Сүлүктү шаарында 7,4 пайызга өскөн. Ал эми Баткен шаарында 28,6 пайызга төмөндөгөн. Баткен районунда жана Кызыл-Кыя шаарында өткөн жылдын деңгээлинде калган.

Облус боюнча 2024-жылдын 1-декабрына карата 109030,4 тонна дан эгиндери жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 108,9 пайызды түздү. Бардык дан эгиндерин өндүрүү өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу Баткен районунда 6,0, Кадамжай районунда 4,2, Лейлек районунда 22,7, Баткен шаарында 0,8 пайызга өскөн. Ал эми Кызыл-Кыя шаарында 15,2 пайызга төмөндөгөн. Анын ичинен буудай 28221,2 тонна же 108,1 пайызды, арпа 17375,3 тонна же 142,6 пайызды түзгөн. Картошка 38207,9 тонна жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 102,6 пайызды, жашылча 65626,4 тонна же 102,9 пайызды, мөмө-жемиш 70598,0 тонна же 118,2 пайызды түздү.

Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу картошка казып алуу Кадамжай районунда 3,1, Баткен шаарында 42,2, Кызыл-Кыя шаарында 1,2, Баткен районунда 0,6, Лейлек районунда 1,4 пайызга өскөн. Ал эми Сүлүктү шаарында өткөн жылдын деңгээлинде калган. Жашылча жыйноо Баткен районунда 0,1, Кадамжай районунда 2,0, Кызыл-Кыя шаарында 20,2, Сүлүктү шаарында 0,5, Лейлек районунда 0,4, Баткен шаарында 0,1, пайызга өскөн. Мөмө-жемиш өндүрүү Кызыл-Кыя шаарында 2,8 эсеге, Кадамжай районунда 9,0, Баткен шаарында 37,7, Сүлүктү шаарында 2,0, Баткен районунда 18,3, Лейлек районунда 32,8 пайызга өскөн.

**<u>Капиталдык салым.</u>** 2024-жылдын январь-ноябрь айларында 7081231,1 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2023-жылдын ушул мезгилине карата 76,9 пайызга өстү. Капиталдык салымдар Кадамжай районунда 2,3 эсеге, Лейлек районунда 2,0 эсеге, Баткен шаарында 5,0 эсе, Кызыл-Кыя шаарында 2,3 эсеге өскөн. Ал эми Баткен районунда 17,4 пайызга Сүлүктү шаарында 19,7 пайызга төмөндөгөн. Каржылоонун негизги булактарын республикалык бюджет жана калктын каражаты түздү.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




**Чет өлкөлүк инвестициялар.** Чет өлкөлүк инвестициялардын келип түшүүсү облус боюнча 2024-жылдын январь-сентябрь айларында 76016,6 миң АКШ долларын түзүп, өткөн 2023-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,8 эсеге өскөн. Негизинен Баткен районунда 6,4 пайызга, Кадамжай районунда 5,9 эсеге, Лейлек районунда 82,5 эсеге өскөн. Ал эми Кызыл-Кыя шаарында 88,3 пайызга төмөндөгөн. Баткен шаарында173 миң доллар чет элдик инвестиция тартылган. Сүлүктү шаары боюнча тике чет өлкөлүк инвестициялар тартылган эмес.

Тике чет өлкөлүк инвестициялардын келип түшүүсү облус боюнча 2024жылдын январь-сентябрь айларында 42914,1 миң АКШ долларын түзүп, өткөн 2023-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 94,6 эсеге өскөн. Негизинен Кадамжай районунда 145,6 эсеге, Лейлек районунда 339,2 эсеге өскөн. Кызыл-Кыя шаарында 96,4 пайызга төмөндөгөн. Баткен шаарында 173,0 миң доллар тике чет өлкөлүк инвестиция тартылган. Ал эми Баткен району жана Сүлүктү шаары боюнча тике чет өлкөлүк инвестициялар тартылган эмес.

**Турак жай.** 2024-жылдын январь-ноябрь айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 63835,0 чарчы метр болгон 503 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 61,7 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 1035978,2 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өздүк турак жай курулуштарына жумшалган.

**Транспорт жана байланыш.** 2024-жылдын январь-ноябрь айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 1180,0 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-ноябрь айларына салыштырмалуу 102,1 пайызды түздү.

2024-жылдын январь-ноябрь айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 9076,7 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 182973,7 миң жүргүнчү-км түздү (2023-жылдын январь-ноябрь айларына салыштырмалуу 112,1 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2024-жылдын январь-ноябрь айларында жеке жактардын транспорту жана Баткен, Кызыл-Кыя шаарларынын муниципалдык ишканалары тарабынан жүргүзүлгөн.

***Тейлөө рыногу.*** Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2024-жылдын январь-ноябрь айларында 28668745,7 миң сомду түзүп, 2023-жылдын январь-ноябрь айына салыштырмалуу 4,7 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 27356167,1 миң сом болуп 3,4 пайызга өскөн.

***Керектөө рыногу.*** Соода, автомобилдерди, күйүүчү майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-ноябрь айларында 21770627,7 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,7 пайызга өскөн.

Автомобилдерди жана күйүүчү майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 11653080,2 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 4,0 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 53,5 пайызды түздү.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-ноябрь айларында 40370,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 5,4 пайызга өскөн.

Күйүүчү майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-ноябрь айларында 8782245,1 миң сомду түздү, же өткөн жылдын деңгээлинде болду.

Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) ушул жылдын январь-ноябрь айларында 23250753,9 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 5,2 пайызга өскөн.

***Кызмат көрсөтүү.*** Үстүбүздөгү жылдын январь-ноябрь айларында 5417991,8 миң сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын денгээлине салыштырмалуу 10,0 пайызга өскөн.

Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо 808543,8 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 7,0 пайызга өскөн.

Маалымат жана байланыш ушул жылдын январь-ноябрь айларында 114117,6 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,5 пайызга төмөндөгөн.

Финансылык ортомчулук жана камсыздоо ушул жылдын январь-ноябрь айларында 2647438,4 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,6 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 48,9 пайызды түздү.

Кыймылсыз мүлк операциялары ушул жылдын январь-ноябрь айларында 297418,6 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,0 пайызга өскөн.

Илимий, техникалык адистиктеги ишмердүүлүк ушул жылдын январь-ноябрь айларында 257291,2 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 3,0 пайызга өскөн.

Мамлекеттик жана көмөкчү ишмердүүлүк ушул жылдын январь-ноябрь айларында 33971,2 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 8,3 пайызга төмөндөгөн.

Билим берүү ушул жылдын январь-ноябрь айларында 665190,2 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 4,4 пайызга өскөн.

Саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү ушул жылдын январь-ноябрь айларында 381853,5 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 3,3 эсеге өскөн.

Маданий, көңүл ачуу жана дем алуу ушул жылдын январь-ноябрь айларында 37333,8 миң сомду түзүп, өткөн жылдын дэңгээлинде калды.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)



**Эмгек рыногу жана эмгек акы.** Баткен райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2024-жылдын 1-декабрына карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 12262 адамды түздү, анын ичинен 8864 адам жумушсуздук статусун алган.

Жумушсуздук статусун алгандардын ичинен 2 адам жумушсуздук боюнча жөлөк пул алган. Ноябрь айында профессионалдык окуудан өткөндөрдүн саны 45 адамды түздү. 2024-жылдын 1-декабрына карата 283 жумушчу орун болду. Бир бош жумуш ордуна 43 адам туура келди.

Облус боюнча 2024-жылдын октябрь айында бир айлык орточо эмгек акы 28345,1 сом өлчөмүндө калыптанып, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 9,3 пайызга өскөн. 2024-жылдын январь-октябрь айларында бир айлык орточо эмгек акы 27377,2 сом өлчөмүндө калыптанып, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 4,9 пайызга өскөн.

Эмгек акы октябрь айында өткөн жылдын тийиштүү айына салыштырмалуу тоокен казуу тармагында, өнөр жайды кайра иштетүү тармагында, электр энергия, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу, сууну тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, курулуш, дүң жана чекене соода; автомобилдерди, турмуш-тиричилик жана жеке колдонулуучу буюмдарды оңдоо, транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо, финансалык ортомчулук жана камсыздандыруу, административдик жана көмөкчү чарба, мамлекеттик башкаруу жана коргонуу; милдеттүү социалдык камсыздоо, билим берүү тармагында, саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү тармактары боюнча өсүү болгон. Ал эми токой чарбасы, айыл чарба жана балыкчылык тармагында 10,5 пайызга, информация жана байланыш 6,4 пайызга, кыймылсыз мүлк менен иш жүргүзүү тармагында 6,9 пайызга, илимий техникалык адистиктеги ишмердүүлүк тармагында 19,7 пайызга жана маданий көңүл ачуу, дем алуу тармагында 6,4 пайызга төмөндөгөн.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2024-жылдын октябрь айында 328,3 долларды түздү.

2024-жылдын 1-ноябрына карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 1741,7 миң сомду түзүп, өткөн айга салыштырмалуу 2,4 пайызга төмөндөгөн. Эмгек акы төлөө боюнча карыз Кызыл-Кыя шаарына тиешелүү.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны, (адам)




**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-ноябрь айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 105,6 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 102,0 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 111,7 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2024-жылдын ноябрь айында өткөн жылдын ноябрь айына салыштырмалуу 104,9 пайызды түздү. Ал эми 2024-жылдын январь-ноябрь айлары өткөн жылдын январь-ноябрь айларына салыштырмалуу 103,5 пайызды түздү.

**Баалардын жана тарифтердин индекси.** Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын январь-ноябрь айында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 103,0 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын ноябрь айын 2023-жылдын декабрь айына салыштырганда 103,6 пайызды түздү.

Ушул жылдын ноябрь айында өткөн айга салыштырмалуу жогорку сорт ун 1,3 пайызга, 1-сорттогу ун 0,4 пайызга, күн карама майы 4,4 пайызга жогорулаган. Ал эми жумуртка 3,1 пайызга төмөндөгөн. Нан, уйдун эти, койдун эти, макорон азыктары, сүт өз ордунда калган.

**Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси**

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азыктары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумуртка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 100,0 | 100,7 | 100,0 | 98,3 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 97,8 |
| февраль | 100,0 | 100,0 | 99,9 | 101,1 | 100,0 | 100,0 | 105,6 | 100,0 | 99,5 |
| март | 100,5 | 100,4 | 99,0 | 100,6 | 100,0 | 100,0 | 101,3 | 100,0 | 100,0 |
| апрель | 102,0 | 100,4 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 97,2 | 97,5 | 98,5 |
| май | 97,5 | 97,3 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 96,1 | 85,3 | 97,1 |
| июнь | 92,3 | 89,6 | 100,0 | 98,9 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,4 | 102,5 |
| июль | 100,7 | 99,3 | 100,0 | 100,0 | 100,4 | 100,0 | 102,7 | 100,3 | 103,7 |
| август | 101,5 | 101,7 | 100,0 | 98,9 | 103,4 | 100,0 | 104,3 | 100,5 | 100,4 |
| сентябрь | 101,2 | 103,8 | 100,0 | 100,0 | 105,5 | 100,0 | 95,3 | 107,8 | 100,5 |
| октябрь | 100,1 | 101,3 | 100,0 | 99,7 | 103,4 | 100,0 | 98,1 | 111,1 | 100,0 |
| ноябрь | 101,3 | 100,4 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 96,9 | 104,4 |

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу пияз 4,7 пайызга, картошка 7,1 пайызга жогорулаган. Сабиз 1,8 пайызга, алма 28,8 пайызга, грек жаңгагы 8,7 пайызга төмөндөгөн. Ал эми кургатылган өрүк өз ордунда калган.

**Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси**

**(***өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатылган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 105,2 | 97,1 | 98,0 | 122,9 | 120,9 | 96,1 |
| февраль | 93,4 | 94,3 | 95,3 | 125,7 | 106,9 | 100,0 |
| март | 97,8 | 102,4 | 98,4 | 151,9 | 93,5 | 100,0 |
| апрель | 100,0 | 100,2 | 96,6 | 101,9 | 82,7 | 100,0 |
| май | 101,8 | 101,6 | 94,8 | 106,7 | 100,0 | 100,0 |
| июнь | 98,2 | 107,1 | 99,2 | 98,4 | 89,4 | 100,0 |
| июль | 100,0 | 90,6 | 98,8 | 40,8 | 100,0 | 100,0 |
| август | 100,0 | 101,5 | 108,2 | 89,4 | 100,0 | 100,0 |
| сентябрь | 100,0 | 105,5 | 118,3 | 121,6 | 100,0 | 101,2 |
| октябрь | 100,0 | 92,8 | 100,8 | 98,9 | 100,0 | 100,0 |
| ноябрь | 104,7 | 107,1 | 98,2 | 71,2 | 100,0 | 91,3 |

Үстүбүздөгү жылдын ноябрь айында өткөн октябрь айына салыштырмалуу бут кийимдер 1,4 пайызга, турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар 1,9 пайызга, катуу отун 27,9 пайызга, күйүүчү-майлоочу материалдар 0,3 пайызга, бензин 0,3 пайызга, фармацевтикалык продукциялар 12,2 пайызга, азык-түлүк эмес товарларга 3,5 пайызга жогорулаган. Ал эми кийимдер 0,3 пайызга, а.и.кийим тигүү үчүн материалдар 7,3 пайызга, үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника 0,1 пайызга төмөндөгөн. Суу менен камсыз кылуу (муздак суу), газеталар жана мезгилдүү басылмалар өз ордунда калган.

**Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси**

(пайыз менен)

| | 2024ж. январь- ноябрь 2023ж январь-ноябрына карата | 2024ж ноябры 2023ж декабрына карата | 2024ж ноябры 2024ж октябрына карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 103,8 | 99,2 | 99,7 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 104,1 | 101,9 | 92,7 |
| Бут кийим | 108,1 | 116,4 | 101,4 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 99,7 | 100,2 | 101,9 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу | 111,7 | 114,2 | 100,0 |
| Катуу отун | 97,1 | 111,3 | 127,9 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 108,4 | 103,9 | 100,3 |
| Бензин | 109,5 | 103,8 | 100,3 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 103,2 | 101,0 | 99,9 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 123,2 | 131,2 | 112,2 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 110,5 | 113,7 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 104,6 | 105,5 | 103,5 |

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылды ноябрь айында жүргүнчү транспортунун тейлөөсү 4,2 пайызга, маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөсү 0,1 пайызга, амбулаториялык тейлөөсү 6,1 пайызга, мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү 2,7 пайызга жогорулаган. Ал эми чач тарач тейлөөлөрү 6,5 пайызга төмөндөгөн. Байланыш тейлөөсү, билим берүү тейлөөсү, укуктук мүнөздөгү тейлөөлөрү өз ордунда калган.

**Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.**

(пайыз менен)

| | 2024ж. январь- ноябрь 2023ж январь-ноябрына карата | 2024ж ноябры 2023ж декабрына карата | 2024ж ноябры 2024ж октябрына карата |
|---|---|---|---|
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 103,4 | 109,4 | 104,2 |
| Байланыш тейлөөсү | 103,51 | 100,0 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 96,2 | 95,6 | 100,1 |
| Билим берүү тейлөөсү | 117,7 | 131,4 | 100,0 |
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 100,5 | 106,1 | 106,1 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 105,9 | 103,8 | 102,7 |
| Чач тарач тейлөөлөрү | 111,5 | 93,5 | 93,5 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

**Керектөө бааларынын индекси**

(Өткөн жылга салыштырмалуу % менен)




## МАМЛЕКЕТТИК СЕКТОР

**Финансы.** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2024-жылдын январь-октябрь айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 1464,8 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 98,1 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 2758,1 млн. сомду түзүп, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 32,5 пайызга, ал эми чыгашалар 14,7 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2024-жылдын январь-сентябрь айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2024-жылдын январь-октябрь айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 894,3 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 3,0 пайызга өскөн. Жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 8,0 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 19,3 пайызга, кыймылсыз мүлк салыгы 5,5 пайызга, жер салыгы 34,6 пайызга жана товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 29,6 пайызга өскөн. Ал эми киреше жана пайда салыгы 0,5 пайызга, патенттин негизиндеги салык 67,5 пайызга азайган. Соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн жана бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр боюнча салык түшкөн эмес.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин азайганы байкалды. Алсак 2023-жылдын январь-октябрь айларында жалпы кирешенин 14,7 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2024-жылдын январь-октябрь айларында 11,5 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн менчиктен түшкөн киреше жана проценттерден түшкөн кирешелер түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 54,5 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 27,4 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 1,1 пайызга азайган.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2024-жылдын январь-октябрь айларында 847,1 млн. сомду түзүп, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 1,7 пайызга азайган. Чыгашалардын 64,9 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого, 26,1 пайызы турак жай жана комуналдык тейлөөлөргө, 8,3 пайызы социалдык-маданий чөйрөгө жумшалды.

**Ишканалардын финансысы.** Облус боюнча ишканалардын финансы көрсөткүчтөрүнүн жыйынтыгы менен 2024-жылдын январь-сентябрь айларында 298733,8 миң сом эсебинде баланстык чыгаша аныкталды.

Баланстык киреше 2024-жылдын январь-сентябрь айларында Баткен шаары боюнча 16309,2 миң сомду, Кызыл-Кыя шаарында 28707,2 миң сомду, Сүлүктү шаары боюнча 117833,8 мин сомду, Баткен району боюнча 5117,1 миң сомду жана Лейлек району боюнча 12681,1 миң сомду түздү, ал эми Кадамжай району боюнча чыгаша менен аяктады.

2024-жылдын январь-сентябрь айларында рентабелдүү ишканалардын саны 211, алардын кирешесинин көлөмү 558099,8 миң сомду түзүп, ишканалардын жалпы санына карата 42,6 пайызды түздү.

Баланстык чыгаша алган ишканалардын чыгаша суммасы Кадамжай району боюнча 479382,2 миң сомду түздү.

2024-жылдын январь-сентябрь айларында чыгаша менен чыккан ишканалар, бардык ишканалардын санына карата 14,5 пайызды түзүп, чыгашаларынын жалпы суммасы 856833,6 миң сомго жеткен.

Дебитордук карыздар 2024-жылдын январь-сентябрь айларында 2118370,3 миң сомго жетип, анын ичинен мөөнөтү өтүп кеткен карыздар 361034,4 миң сомду түздү. Дебитордук карыздардын жарымынан көбү өнөр-жай ишканаларына тийиштүү.

Кредитордук карыздар ушул мезгилге карата 5576123,0 миң сом өлчөмүндө аныкталып, анын ичинен мөөнөтү өтүп кеткен карыздар 863878,6 миң сомго жетти.

Отчеттук мезгилдин акырына даяр продукциялардын көлөмү 488439,8 миң сомду түздү.

## СОЦИАЛДЫК СЕКТОР

**Демографиялык жагдай.** 2024-жылдын январь-октябрь айларында Баткен облусу боюнча 12093 бала төрөлүп (өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 173 балага азайган), же калктын 1000 не 24,7 баланы түздү. Бул мезгилдин ичинде 1958 адам өлгөн (2023-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 93 адамга өскөн), же калктын 1000 не алганда 4,0 адамды түздү. Калктын табигий өсүүсү 10135 адамды, же 1000 кишиге 20,7 түздү.

2024-жылдын январь-октябрь айларында 120 кичинекей балдардын өлүмү катталып, өлүм көрсөткүчү 9,9 промиллди түздү (1000 тирүү төрөлгөн балага карата бир жашка чейинки курактагы өлгөн балдардын саны). Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1 жашка чейинки балдардын өлүмү 21 балага азайган.

**Калктын оорулары**. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2024-жылдын январь-ноябрь айларында облуста *ичеги-карын ооруларынан* салмонелез инфекциясы менен ооругандар катталган жок. Бактериялуу дизентерия менен 61 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,4 пайызга өскөн, ал эми бактериалуу минингит оорусу менен 2 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 66,7 пайызга жана ичегинин өткүр инфекциясы менен 2575 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 29,4 пайызга төмөндөгөн.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 3632 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,2 эсеге, анын ичинен гепатиттин А түрү менен 3624 оорулу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,2 эсеге өскөн, ал эми эпидемиялык паротит менен 26 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,7 пайызга төмөндөгөн.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан ооругандар төмөнкүдөй байкалат* бруцеллез ооруусу менен 80 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 15,9 пайызга, эхинококкоз оорусу менен 18 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 28,6 пайызга өскөн, ал эми жаныбарлардын тиштеп алуусу менен 622 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 11,6 пайызга, аскаридоз менен 810 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 9,3 пайызга төмөндөгөн.

*Паразитардык оорулардан* гонорея оорусу менен 13 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,2 эсеге, ВИЧ инфекциясы менен 31 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 10,7 пайызга өскөн. Ал эми сифилис оорусу менен 6 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 50 пайызга, котур оорусу менен 42 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 34,4 пайызга төмөндөгөн жана педикулез ооруусу менен ооругандар катталган жок.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 20180 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 18,5 пайызга өскөн. Ал эми кургак учук менен ооруган 203 адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 5,6 пайызга төмөндөгөн.

**Укук бузуулар.** Облустук прокуратура тарабынан берилген маалымат боюнча 2024-жылдын январь-октябрь айларында облус боюнча 1092 кылмыш иши катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,1 пайызга же 43 кылмышка өскөн. Бардык катталган кылмыштардын ичинен; адам өлтүрүү жана өлтүрүүгө аракет жасоо 7, ээнбаштык 32, уурулук 248, алдамчылык 322, бангизаттарга байланыштуу 30, кызматтык кылмыштар 38, экономика тармагында 44 кылмыш, 15 жол–транспорт кырсыктары катталган. 2024-жылдын январь-октябрь айларында 820 адам кылмыш иши менен кармалган, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 67 адамга азайган.

Кылмыш иши менен кармалгандардын ичинен: аялдар 144, ишкерлер 10, эч жерде иштебеген жана окубагандар 611, иштегендер 6, мектеп окуучулары 56, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары 11 түздү. Ал эми кызматкерлер катталган жок.

**Облустук статистика башкармалыгынын жетекчиси: С. Ысмайылов**

| | | бети |
|---|---|---|
| | Реалдык сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү……………. | 16 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү……….......................………............. | 17 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……...................................……….............. | 17 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү………………………. ……………………………… | 18 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү……………………………………… | 19 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..………………………......... | 19 |
| 7 | Аймак боюнча  негизги айыл-чарба эгиндеринин түшүмүн жыйноонун жүрүшү.................................... | 20 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 8 | Облустун аймактарында ишке киргизилген негизги фонддор.............................................................................. | 21 |
| 9 | Облус боюнча негизги капиталга инвестициялар | 21 |
| 10 | Аймактар боюнча негизги капиталга каржылоонун булактары боюнча инвестициялар............................ | 21 |
| 11 | Чет өлкөлүк инвестициялардын келип түшүүсү, аймактар боюнча................................................................ | 22 |
| 12 | Тике чет өлкөлүк инвестициялардын келип түшүүсү, аймактар боюнча....................................................... | 23 |
| 13 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык жумуштардын көлөмү................................. | 23 |
| 14 | Облус боюнча турак-жай  курулушунун аткарылышы, ……………………………………………………… | 23 |
| 15 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши...................................................................................... | 24 |
| | Транспорт | |
| 16 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү………………………………………………………. | 24 |
| 17 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү | 24 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 18 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн  көлөмү…………………………………………………………….. | 25 |
| | Керектөө рыногу | |
| 19 | Сооданын  экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…............………......... | 25 |
| 20 | Чекене товар жүгүртүүнүн менчик түрүнүн түзүлүшү.......................................................................................... | 26 |
| 21 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү, коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо.............. | 26 |
| 22 | Аймактар боюнча  акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү……………………………………………….. | 27 |
| 23 | Калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүү, ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы................. | 27 |
| | Эмгек  жана эмгек  акы | |
| 24 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары ............ | 28 |
| 25 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары, акыркы айда | 29 |
| 26 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары, жыл башынан.. | 29 |
| 27 | Баткен райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция  башкармалыгында катталган жумушсуздар саны........................................................................................................................................... | 30 |
| 28 | Баткен райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгында жумушсуздук статусун алгандар саны........................................................................................................................................ | 30 |
| | Мамлекеттик сектор | |
| 29 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………... | 31 |
| 30 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………… | 31 |
| 31 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ………………………….......... | 32 |
| 32 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………....... | 32 |
| | Ишканалардын финансысы | |
| 33 | Ишканалардын (мекемелердин) киреше ( +), чыгашалары (-)........................................................................ | 33 |
| 34 | Ишканалардын карыздары жана даяр продукциялардын калдыктары......................................................... | 33 |
| | Социалдык сектор | |
| 35 | Калктын өлүмү жана табигый өсүү көрсөткүчтөрү........................................................................................... | 34 |
| 36 | Калктын төрөөлүү, өлүү жана табигий өсүүсү боюнча катышы..........................................................…..... | 34 |
| 37 | Жаш балдардын өлүмү........................................................................................................................................... | 34 |
| 38 | Облус боюнча жаш балдардын өлүмүнүн катышы.............................................................................................. | 34 |
| 39 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын катышы............................................................................................... | 35 |
| 40 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын катышы............................................................................................... | 35 |
| 41 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны………………………………………… | 35 |
| 42 | Катталган кылмыштар саны……………………………………………………………………………….. | 36 |
| 43 | Жынысы жана жашы боюнча кылмыш кылгандар………………………………………………………. | 36 |
| 44 | Кесиби боюнча кылмыш кылгандар……………………………………………………………………. | 36 |

## РЕАЛДЫК СЕКТОР

Таблица 1. **Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү 2024-жылдын январь-ноябрь айлары**

( миң сом)

| | 2023 | 2024 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **6090945,4** | **7237202,8** | **115,4** |
| **I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы** | **2003945,6** | **2595534,6** | **102,3** |
| 1. Күрөн көмүр, лигнит жана чым көң өндүрүү | 1577561,5 | 2124571,2 | 102,0 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 319294,6 | 310159,7 | 93,2 |
| 3.Металл рудасын өндүрүү | | | |
| -түстүү металл рудасын өндүрүү | 89291,3 | 135525,4 | 53,5 |
| 4. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 17798,0 | 25278,3 | 183,1 |
| **II. Иштетүү өнөр жайы** | **3098202,2** | **3107889,8** | **101,0** |
| 1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктер менен тамеки кошо | 818480,3 | 928417,1 | 109,0 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктерди кошкондо | 725647,0 | 798759,7 | 104,9 |
| -суусундук өндүрүү | 92193,3 | 128694,4 | 151,1 |
| -тамеки өндүрүү | 640,0 | 963,0 | 151,3 |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 376884,4 | 123915,9 | 33,4 |
| -текстил өндүрүшү | 310237,2 | 50235,7 | 46,3 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 66232,8 | 73617,2 | 7,5 |
| -булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 414,0 | 63,0 | 16,1 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 30229,3 | 34012,9 | 121,9 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 29425,8 | 33215,4 | 122,0 |
| -басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 803,5 | 797,5 | 99,8 |
| 4. Химия өндүрүшү | 152313,0 | 129224,2 | 117,9 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 1520004,1 | 1638162,3 | 107,0 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 62605,3 | 86532,5 | 151,3 |
| 7. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 137685,8 | 167624,9 | 109,3 |
| **III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү** | **863962,1** | **1385726,8** | **227,9** |
| **IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.** | **124835,5** | **148051,6** | **116,0** |

Таблица 2. **Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү 2024-жылдын январь-ноябрь айлары**

(миң сом)

| | 2023 | 2024 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| **Область боюнча:** | **6090945,4** | **7237202,8** | **122,1** | **115,4** |
| Электр энергиясыз райондор: | 5226983,3 | 5876403,6 | 114,6 | 102,1 |
| Баткен | 239752,6 | 338182,0 | 95,3 | 123,9 |
| Кадамжай | 1649175,4 | 1994193,2 | 113,2 | 111,1 |
| Лейлек | 613953,7 | 660529,0 | 119,7 | 99,9 |
| шаарлар: | | | | |
| Баткен | 1017907,1 | 1558781,6 | 157,2 | 186,4 |
| Электр энергиясыз | 153945,0 | 197982,4 | 103,6 | 105,3 |
| Кызыл-Кыя | 1754119,0 | 1493798,1 | 87,1 | 82,9 |
| Сүлүктү | 816037,6 | 1191718,9 | 161,1 | 101,4 |

Таблица 3. **Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү**

| | Өлчөө бирдиги | 2023 | 2024 | 2024ж. январь-ноябрь айлары 2023ж. январь-ноябрь айларына % менен |
|---|---|---|---|---|
| | | январь-ноябрь | | |
| Күрөн көмүр | тонна | 886102,7 | 903706,2 | 102,0 |
| Бышырылган керамика кирпичи | миң даана | 13420,1 | 14604,9 | 108,8 |
| Бут кийим | жуп | 1036,0 | 167,0 | 16,1 |
| Эт жана эт азыктары | тонна | 1169,4 | 1287,0 | 110,1 |
| Бышырылбаган керамика кирпичи | миң даана | 1365,6 | 1093,7 | 80,1 |
